# Баары тагдыр менен болот. Жада калса жалкоолук жана шаттуулук да тагдыр менен болот». Башка риваятта: «шаттуулук жана жалкоолук» деп айтты

Тооус, рахимахуллах, айтат: «Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, сахабаларынын кээ бирлерин мындай деп айтканын уктум: «Бардык нерсе тагдырга жараша болот». "Баары тагдыр менен болот. Жада калса жалкоолук жана шаттуулук да тагдыр менен болот». Башка риваятта: «шаттуулук жана жалкоолук» деп айтты.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган.]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бардык нерсе тагдыр менен болорун айтты. Жада калса жалкоолук да тагдыр менен болорун айтты. Жалкоолук - бул кылынышы керек болгон нерсени таштоо. Дүйнө жана акырет иштерин өз убактысынан кечиктирүү. Жада калса шаттуулук да тагдыр менен болот. Шаттуулук - бул дүйнө жана акырет иштеринде аракеттенүү жана акылдуулук кылуу. Аллах Таала жалкоолукту, шаттуулукту жана башка бардык нерсени тагдыр кылып койгон. Ага Аллахтын илими жана каалоосу болмоюнча ишке ашат.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/65039